| | | |
|---|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>АЛАМҮДҮН РАЙОНУ<br>АРАШАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АЛАМУДУНСКИЙ РАЙОН<br>АРАШАНСКИЙ АЙЫЛНЫЙ<br>КЕНЕШ |

**Бириккен Арашан айылдык кеңешинин**
**I-чакырылышынын II кезектеги сессиясы**

**Таш-Дөбө айылы** **24-декабрь 2024 жыл**

# ТОКТОМ №4

**Арашан айыл аймагынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү тартиби жөнүндө Жобону бекитүү туралуу**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралында "Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарды тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" №54 Жарлыгын аткаруу максатында Арашан айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Арашан айыл аймагынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү тартиби жөнүндө Жобо кабыл алынсын (тиркеме №1) ылыйк.

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Арашан айыл өкмөтүнүн башчысы С.Т. Болгонбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Б. Курманбаев**

“БЕКИТИЛДИ”
Курманбаев А.Б.
Арашан айылдык кеңешинин
2024-жылдын “24”декабрь №4 Токтому

# Арашан айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү тартиби жөнүндө жобо

1. Жалпы жоболор;
2. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби;
3. Маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүүнүн тартиби;
4. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары;
5. Жергиликтүү комиссия;
6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик;

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы “Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскеруу үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” №54 жарлыгына ылайык, Арашан айыл аймагынын калкынын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыккан, Арашан айыл аймагынын жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2. Жобонун максаты Арашан айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, маркум ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого, ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт-санаасын, үрп-адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс көрөлгөлөрдүн күнүмдүк турмушта жайылышына бөгөт коюуу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым-жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

## 2.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби.

1.3. Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) тою, куда тосуу, маараке салтанаттары ж.б. кирет.

1.4. Үй-бүлөлүк салтанаттар Арашан айыл аймагында калыптанып калган эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюууларды так сактоо менен өткөрүлөт.

## 3. Маркумду эскеруу үрп-адаттарын өткөрүүнүн тартиби.

1.5. Маркумду эскерүү үрп-адаттарын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө мал союуга тыюу салынат.

1.6. Маркумду эскерүү үрп-адаттары мал союуну эсепке албаганда Арашан айыл аймагында калыптанып калган эрежелер тартип боюнча өткөрүлөт.

## 4.Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү болуп Арашан айыл өкмөтүнүн жергиликтүү комиссиясы бекитилет.

## 5.Жергиликтуу комиссия

1.7. Жергиликтүү комиссия Арашан айыл өкмөтүнүн аймагында түзүлөт.

Анын курамына айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, жергиликтүү кеңештин депутаттары, аялдар кеңешинин жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун мүчөлөрү, диний уюмдардын, жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү кирет. Жергиликтуу комиссия айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

1.8. Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эскерүү үрп-адаттары өткөрүлүп жаткан жерге комиссиянын толук курамы менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзүп, маркум ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, каттоо журналына кол койдурулат. Жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттайт (же акт түзөт).

## 6.Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

Арашан айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын өткөрүү боюнча жобонун талаптарын бузган учур боюнча жергиликтүү комиссия өзүнүн отурумунда маселени карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасы) көрүлөт.